**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛАСТЫ**
**ДЕПУТАТТАРДЫН КЫЗЫЛ-КЫЯ**
**ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

720300, Кызыл-Кыя шаары, Масалиев көч., 60
тел. 5-01-00

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КЫЗЫЛ-КИЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

720300, г. Кызыл-Кыя, ул. Масалиева, 60
факс 5-08-26

**ТОКТОМ** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**2022 – жылдын 12 – августу №13/44**

## Кызыл–Кыя шаарынын 2022–жылга кабыл алынган жергиликтүү бюджетинин 2022–жылдын 6 айында аткарылышына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө

Күн тартибиндеги маселени карап жана талкуулап чыгып, «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 Мыйзамынын 34-беренесине негиз, Кызыл-Кыя шаарынын 2022–жылга кабыл алынган жергиликтүү бюджетинин 2022–жылдын 6 айында аткарылышы жөнүндөгү маселе шаардык кеңештин бюджет, финансы, экономика жана инвестицияны тартуу маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын отурумунун 2022–жылдын январь-август айларындагы чечимин эске алып, Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Жергиликтүү бюджеттин 6 айынын жыйынтыгы менен үнөмдөлгөн акча каражатынын, салык кызматынын 2022-жылдын 6 айында кошумча жыйнаган салыктардын эсебинен төмөнкү кошумча жумуштарды аткарууга акча каражаты бөлүнүп берилсин:

1) Кызыл-Кыя шаарынын М. Гулмат борбордук эс алуу багындагы жолдорду брусчаткалоо, жакшыртуу жана оңдоого - 894,0 миң сом

2) Аскер комиссариатынын чакыруу пунктусун оңдоп түзөөгө, керектүү жабдуулар менен камсыз кылууга жана жылытуу системасын орнотууга - 68,0 миң сом

3) Киргизская көчөсүн асфальттоого - 5000,0 миң сом

4) Муниципалдык базардын жерин тегиздөө, жолдоруна асфальт төшөө, айланасын тосуу жумуштарын аткаруу, долбоорун даярдоо үчүн - 600,0 миң сом

5) Ген пландын долбоорун даярдоого - 4000,0 миң сом

6) Шаардын А.Масалиев жана В.Ленин көчөлөрүнүн кесилишиндеги аянтка макал-лакап, накыл сөз илинүүчү 14 даана стендтерди орнотуу жумуштарына - 129,5 миң сом

7) Шаардын ичине 16 даана видеокөзөмөл камераларын, жарыкка каршы жабдуулар (антиблик) менен камсыз кылууга - 83,2 миң сом

8) Северный көчөсүндөгү спорт аянтчасын курууга - 500,0 миң сом

9) Жин-Жиген айылына таза суу куурларын орнотууга – 603,546 миң сом

10) 2022-жылдын 1-январына болгон эркин калдыкта сырттан келген долбоорлорго деп каралган акча каражатынын эсебинен, Байтеит участкасына 11 жылдык мектеп жана 120 орундуу бала бакча куруунун документтерин даярдоого - 1386,667 миң сом

11) Жусубалиев көчөсүндө жайгашкан борбордук китепкананы талаптагыдай оңдоо иштерин жүргүзүү үчүн - 250,0 миң сом

12) 15-кичи райондогу 400 метр аралыктагы суу куурларын жеке үйлөрдөн сыртка чыгарууга 1379,8 миң сом

13) БАМ элинин жашоочуларын таза суу менен камсыз кылууга Кулуштандан Кызыл-Кыяга тартылган суу түтүгүн аягына жеткирүүгө - 7500,0 миң сом

14) Корчагин көчөсүнө таза суу куурларын орнотууга – 722,401 миң сом

15) Күңгөй 2 участкасына электр линиясын орнотууга – 239,0 миң сом

16) Озерная көчөсүнө КТП-160 электр трансформаторун жана электр линиясын орнотуу үчүн, кошумча - 248,266 миң сом

17) «Ассанабил» коомдук фонду тарабынан ЖДПБна жаңы имарат курууга (2022-жылдын 1-январына болгон эркин калдыктын, сырттан келген долбоорлорго каралган үлүштүн эсебинен берилсин) 1000,0 миң сом

2. ММДга пресс-катчы 1 штаттык бирдик бөлүнүп берилсин;

3. «Кызыл-Кыя Тазалык» МИна багбан 2 штаттык бирдик бөлүнүп берилсин;

4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин бюджет, финансы, экономика жана инвестицияны тартуу маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Ж. Калматов**

**Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин 2022-жылдын**
**12-августундагы кезексиз №13/44-токтомуна**
**№ 1-тиркеме**

**Кызыл-Кыя шаардык жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгүнүн 2022-жылга болжолу**

| Элемент (8) | Жергиликтүү бюджет Салыктардын аталышы | 2022-жылы бекитилген | 2022-жылга болжол | Айырма |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
| | Кирешелер + салыктык эмес кирешелер | 135055,6 | 165124,4 | 30068,8 |
| 1 | Киреше | 121425,5 | 151494,3 | 30068,8 |
| 11111100 | Салык агенти төлөөчү киреше агенти | 72471,0 | 95000 | 22529,0 |
| 11121100 | Чакан ишкердик субъектери үчүн бирдиктүү салык | 552,0 | 8200 | 7648,0 |
| 11122100 | Милдеттүү патенттин негизинде салык | 2811,0 | | -2811,0 |
| 11122200 | Ыктыярдуу патенттин негизинде салык | 29895,0 | 33400 | 3505,0 |
| 11311100 | Ишкердик иши үчүн пайдаланылбаган кыймылсыз мүлккө салык | 14,6 | 14,6 | |
| 11311200 | ишкердик иши үчүн пайдаланылган кыймылсыз мүлккө салык | 795,0 | 795 | |
| 11311300 | 3-топтогу ишкердик иши үчүн пайдаланылган кыймылсыз мүлккө салык | 35,0 | 35 | |
| 11312100 | Юридикалык жактардын транспорттук каражаттарына салык | 386,0 | 216 | -170,0 |
| 11312200 | Жеке жактардын транспорттук каражаттарына салык | 5693,0 | 5500 | -193,0 |
| 11321100 | Короо жанындагы жана дачалык жер участокторун пайдалануу үчүн жер салыгы | 1613,7 | 1613,7 | |
| 11321200 | Айыл чарба жерлерин пайдалануу үчүн жер салыгы | 400,2 | 0 | -400,2 |
| 11321300 | Калктуу конуштардын жерлерине жана айыл чарба багытында болбогон жерлерди пайдалануу үчүн жер салыгы | 6678,0 | 6678 | |
| **11462** | **Роялти** | 81,0 | 42 | -39,0 |
| **14** | **Салыктык эмес кирешелер** | **11920,7** | 11920,7 | |
| 14151200 | Пайдалуу кен чыккан жерлерди же казып алынуучу отунду иштеткендиги үчүн жыйым | 100,0 | 100 | |
| 14152100 | Калктуу конуштарда жер ижарасы үчүн акы | 4079,3 | 4079,3 | |
| 14152600 | Жерди кайра бөлүштүрүү фондунун жерлеринин ижарасы үчүн акы | 485,0 | 485 | |
| 14211200 | Муниципалдык менчикте турган жайлардын, имараттардын жана курулуштардын ижара акысы | 5537,3 | 5537,3 | |
| 14224200 | Таштандыларды ташып чыгаруу үчүн жыйым | 205,0 | 205 | |
| 14224300 | Авто транспорт токтотуу үчүн жыйым | 1514,1 | 1514,1 | |
| 314121 | Айыл-чарбасына жараксыз жерлерди сатуудан | 1709,4 | 1709,4 | |

**Кызыл-Кыя шардык кеңешинин**
**аппарат жетекчиси** **У. Дарипова**

**МСКнын Кызыл-Кыя шаары боюнча**
**башкармалыгынын жетекчиси:** **А.Кочкоров**